**"БЕКИТЕМИН"**
Баткен мамлекеттик университетинин
ректору, э.и.д., профессор Гыязов А.Т.
________________________________
"____" ____________________2024-ж.

Баткен мамлекеттик университетинин М.М.Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун табигый илимдер жана дене тарбия факультетинин "Табигый-илимий билим берүү» кафедрасынын 2024-жылдын 6 - ноябрындагы табигый - илимий билим берүү кафедрасынын изденүүчүсү Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы 25.00.24 - экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоонун кеңейтилген жыйынынын

**№3- протоколунан**
**КӨЧҮРМӨ**

**Кызыл-Кыя шаары** **06.11.2024-жыл**

1. **Төрайым:** Абдибайитова А. А. б.и.к., БатМУнун М.М. Тайиров атындагы табигый илимдер жана дене тарбия факультетинин табигый-илимий билим берүү кафедрасынын доценти.

2. **Катчы**: Омурзакова Г.Т., б.и.к., БатМУнун М.М. Тайиров атындагы табигый илимдер жана дене тарбия факультетинин табигый-илимий билим берүү кафедрасынын профессордун милдетин аткаруучу.

**Катышкандар**:
1. Исаев А.А., г.и.д. (25.00.24), профессор;
2. Самиев К.Т., г.и.к. (25.00.24), доцент;
3. Белеков Ж.К., г.и.к. ( 25.00.24), доцент;
4. Момошева Г.А., г.и.к. (25.00.24 ), доцент;
5. Тайиров М.М. ф.-м. и.д.(01.02.05), профессор;
6. Гыязов А.Т., э.и.д. (08.00.05), профессор;
7. Бердиев А.Т., т.и.к.( 07.00.02), доцент;
8. Кайымова П.М., ф.и.к. (10.02.01), доцент;
9. Темирбаев М.М., п.и.к. (13.00.02), доцент;
10. Боркошев А.К., п.и.к.( 13.00.02), доцент;
11. Нажимидинова А., п.и.к. (13.00.02), доцент;
12. Сражидинов А.С., ф-м.и.к.,( 01.01.01), профессордун м.а;

13. Абдибайитова А. А. б.и.к., (03.02.08), доцент;
14. Омурзакова Г.Т., б.и.к., (03.02.04), профессордун м.а.
15. Калеева А.К., ф-м.и.к., (05.13.18), доцент;
16. Орунбаев Т.А., кафедранын ага окутуучусу;
17. Жакыпова Г.Т., кафедранын улук окутуучусу;
18. Кочкорова Г.А., кафедранын улук окутуучусу;
19. Жамшутова Б.Ж., кафедранын улук окутуучусу;
20. Калмурзаева А.Т., кафедранын улук окутуучусу;
21. Арыстанова А.Т., кафедранын окутуучусу;
22. Жусупова Ш., кафедранын окутуучусу;

**Күн тартибинде:**

1. Табигый-илимий билим берүү кафедрасынын улук окутуучусу Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.
2. Табигый-илимий билим берүү кафедрасынын улук окутуучусу Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн кандидаттык минумумдун программасын карап чыгуу жана бекитүү.

**Диссертациялык иш**: Баткен мамлекеттик университетинин М.М.Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун табигый илимдер жана дене тарбия факультетинин "Табигый-илимий билим берүү» кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи**: Низамиев А.Г., г.и.д., профессор;
Рецензенттер: Исаев А.А., г.и.д., (25.00.24), профессор;
Самиев А.Т., г.и.к., (25.00.24), доцент;

**Төрайым**: Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер, бүгүнкү отурумда төрайым кылууга ишеним көрсөткөнүңүздөр үчүн терең ыраазычылык билдирем. Бүгүн, Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын

талкуулайбыз. Ушул күн тартибиндеги маселени баштоого добуш берип койсоңуздар.

Добуш берүү: "Макул" - 22 киши. Күн тартиби бир добуш менен бекитилди.

Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

Изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровна диссертациялык ишинин мазмуну, актуалдуулугу, максаты, милдеттери, изилдөөнүн объектиси, предмети, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу негизги жоболор жана изилдөөнун жыйынтыктарынын апробацияланышы жана жайылтуусу, диссертациялык иштен алынган илимий көрсөткүчтөрдун толуктуулугунун чагылдырылуусу, диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү тууралуу маалыматтар слайд жана баяндамасы угулду (баяндама тиркелет).

Жыйындын төрайымы: Урматтуу кесиптештер, баяндама бүттү, кимде кандай суроолор бар?

**Изденүүчүгө берилген суроолор жана жооптор:**

**Самиев К.Т., география илимдеринин кандидаты, доцент**: Бул тема ушул мезгилге чейин мурда изилденгенби жана кайсы адабияттарды пайдаландыңыз?

**Жооп:** Рахмат. Топонимика боюнча жер-суу аталыштарын изилдөө иштери жетишсиз десек да болот, бирок А. Акматов "Ысык-Көл топонимиясы" аттуу эмгегинде жер-суу аталыштарын лингвистика жагынан караган, «Лейлек топонимиясы" аталышындагы диссертациялык иште дагы тил жагынан каралган, Д. Исаевдин "Жер-суу аттарынын сыры" аттуу эмгеги да бул маселеге арналган, себеби, автор да филолог болгон. Ал эми географтар тарабынан изилдене элек. Адабияттардан Коңкобаев К. «Топонимия Южной Киргизии», Исаев Д. «Жер-суу аттарынын сыры», Мурзаев Э.М., Умурзаков С.У., андан башка Никонов Б.А., С. Кораевдердин ж.б. эмгектерин пайдалана алдык.

**Белеков Жеңишбек, география илимдеринин кандидаты, доцент :** Жер-суу аталыштарын изилдөөдө кандай усулдарды пайдалана алдыңыз? Темага байланыштуу Ош, Жалал-Абад аймактары боюнча да изилдөө иштерин жүргүзө алдыңызбы?

**Жооп:** Рахмат. Изилдөөнүн негизин салыштырма усулу, географиялык тарыхый салыштыруу, талаа-экспедициялык, статистикалык, картографиялык ГИС, сурамжылоо ж.б. усулдарын колдоно алдык. Ал эми Ош, Жала-Абад аталыштарынын келип чыгуу этимологиялары да иште каралган.

**Исаев А.,география илимдеринин доктору, профессор: Т**емада айтылган оронимдер, гидронимдер, ойконимдер боюнча кандай карталарды түшүрө алдыңыздарбы?

**Жооп:** Рахмат. Оронимдер боюнча түштүк аймакта таркалган тоолордун, түздүктөрдүн аттары көрсөтүлгөн картаны түшүрө алдык, гидронимдерден: көлдөрдү, суу сактагычтарды, мөңгүлөрдү түшүрдүк. Ал эми

ойконимдер боюнча калктуу конуштардын Лейлек, Баткен жана Кадамжай райондорунун калктуу конуштары түшүрүлгөн.

**Момошева Г., география илимдеринин кандидаты, доцент**: Илимий изилдөө ишиңиз Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында болуп жатат, изилденген аталыштардын да каралганбы?

**Жооп:** Изилденген аталыштардын экономикалык, саясий, рекреациялык абалы да каралган. Экономикалык жактары боюнча Баткен аймагындагы рекреациялык мааниге ээ Айгүл-Тоосу, Ош шаарындагы Сулайман тоосу, Жалал-Абаддагы Арсланбап жаңгак токоюна дайыма ар жактан туристтердин келиши экономикалык абалынын бир жагы катары кароого болот. Бул эс алуучу жайларга жылына миңдеген туристтердин келиши, Айгүл-Тоого жылына гүл ачылган мезгилде Кыргызстандын бардык аймактарынан туристтер келип кетишет. Биздин түштүк аймактагы чек ара жагындагы саясий абалдар да диссертацияда каралган.

**Сражидинов А., физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент:** Теманын максатын айтсаңыз?

**Жооп:** Түштүк-Батыш Кыргызстандын, тактап айтканда, өзбек, фарси, монгол ж.б. тилдерде аталып калган жер-суу жана айрым географиялык аталыштарды илимий изилдөө менен этимологиясын чечмелөө; изилденген топонимдердин табигый-географиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо, аймактагы табигый географиялык өзгөчөлүгү бар топонимдердин этимологиялык жактан талдоо илимий ишибиздин максаты болуп саналат.

**Орунбаев Т. улук окутуучу:** Коюлган максатка жетүү үчүн кандай милдеттерди коё алдыңыз?

**Жооп:** Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмү боюнча топонимикалык аталыштарга этимологиялык анализ жүргүзүү;

- Баткен областынын аймагындагы жер-суу аттарынын аталыштарын физикалык-географиялык ордун аныктоо менен аталыштарды изилдөө;
- аталыштар кайсы мезгилден бери аталып келгендигине илимий талдоо жүргүзүү;
- топонимикалык аталыштардын өзгөрүп кетүү себептерин ачып көргөзүү;
- жер-суу аттарынын тарыхый аталыштарын коомчулукка, жаш муундарга жеткирүү жана эски атын ыйгарууну жергиликтүү бийликке сунуштоо;
- жер-суу аттарына линвистикалык талдоо жүргүзүү;
  жергиликтүү калктын этнографиясын изилдөө;
- Экономикалык рекрециялык абалын кароо милдеттерин коё алдык.

**Жыйындын төрайымы**: Менимче изденүүчү бардык суроолорго канааттандырарлык жооп берди. Дагы кимде кандай суроолор бар? Эгерде башка суроолор жок болсо, кийинки процедурага өтөлү.

Алгачкы сөз илимий жетекчи г.и.д., профессор А.Г. Низамиевге берилет.

**Низамиев А. Г. – география илимдеринин доктору, профессор:** Изденүүчү Ф. Даовлатова бул теманын үстүнөн 2013-жылдан бери иштеп келди. Мен илимий талдоолорун жана жыйынтыктарын эске алуу менен оң маанидеги пикир жазып бердим. Бул иш боюнча берилген айрым суроолорго

байланыштуу бир аз кеңири түшүнүк берип кетсем. Бул иште түштүк аймактагы жер-суу аталыштары изилденип жазылган, жер-суу аталыштарынын географиялык жайгашуу абалы аталыштын келип чыгуусуна кандай таасирлер бар, эмнеге өзгөрүп кеткен жана бүгүнкү күндө кандай аталат деген суроого жооп берүү иштери аткарылган.

Калктуу конуштардын, айылдын, шаарлардын аталыштары боюнча жакшы суроолор болду. Бардык айтылган ой-пикирлер эске алынат. Эң негизгиси жазылган иш талаптарга жооп берет. Азыркы талап боюнча бардык иштер толук аткарылды деп эсептесек болот. Илимий-логикалык жыйынтык бар. Маалыматтар так алынган, булактары бар, көлөмү боюнча талапка жооп берет. Мына ушуга байланыштуу илимий ишти коргоого сунуштоого татыктуу деп эсептейм.

**Жыйындын төрайымы**: Анда эмесе, кийинки сөз рецензенттерге берилсин: г.и.д., А. А. Исаевге берилет.

**Исаев А. А. -география илимдеринин доктору, профессор (Өзбекстан)**. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Бүгүнкү каралып жаткан иштин темасы актуалдуу. Аталыштар, тиешелүү жер-суу аттарынын келип чыгуу себебин билүү бир гана тармактагы окумуштуулардын иши эмес, жалпы эле патриот инсандардын өз жерин билүүсү зарыл. Ким болбосун, ал өзү туулуп-өскөн же жашаган жеринин (айылдын же шаардын), ага тиешелүү болгон жер-суулардын аталыштарынын маанисин билүү анын жалпы маданият деңгээлин көрсөтүп турат. Географиялык аталыштарды илимий жактан изилдөөнүн мааниси чоң. Элдин жайгашуу абалы, географиясы жана анын өзгөрүүсү, тарыхы жана анын мезгилдик өзгөрүүсү, тили жана анын мезгилге карай өзгөрүүсү жана өнүгүшү, маданияты, жашоо образы жана алардын доорго карай өзгөрүүсү ж.б.у.с. көрүнүштөрдү географиялык аталыштар өз ичине камтып же чагылдырып келе жатат. Ошондой эле табигый предметтердин жана процесстердин абалын жана өзгөрүүсүн да жер-суу аттары мүнөздөп турат. Диссертанттын бул эмгегинде жер-суу аталыштарынын келип чыгышы жана алардын этимологиясы каралган. Түрк тилдүү элдерден калган улуу жер-суу аттары тарыхтын узун жолунда бир канча жолу объективдүү жана субъективдүү таасирлерден улам аталыштар өзгөргөндүгү каралган.

**Диссертациянын мазмунуна баа берүү**. Эмгектин жалпы мүнөздөмөсү, негизги максаты, милдеттери, жаңычылдыгы, практикалык, теориялык маанилери, коргоого коюлган илимий жобосу, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөө натыйжаларынын апробацияланышы, диссертациянын структурасы жана көлөмүндө негизинен кемчиликтерди көрө албадым, негизинен, талапка жооп берет десем болот.

1-бапта адабияттык талдоодо, Кыргызстандын топонимика илимин изилдеген окумуштуулардын эмгектерин, анын ичинде чет өлкөлүк окумуштуулардын: Россия, Өзбекстан, Казакстандын топонимисттердин эмгектерин пайдаланып, алардын эмгектерине туура анализ жүргүзө алган.

2-бапта изилдөөнүн материалдары жана ыкмаларынын топонимикалык изилдөөнүн усулдары, каражаттарын пайдалануу менен анын туура

пайдалануу жагын айта кетсем болот. Себеби изилдөө иштеринде аталыштарды өз жеринде көрүп, улуу муундун өкүлдөрүнөн сурамжылоо иштери жүргүзүлгөн, аларды айтылган маалыматтарга салыштыруу жүргүзүлгөн, алынган маалыматтарды тарыхый булактар менен да салыштырып тактоого аракет жасалган. Бул иштин дагы бир өзгөчөлүгү – аталыштардын карталары да түшүрүлгөнү. Географиялык аталыштардын коюлушу жана алардын мааниси жана топонимияда элдик географиялык терминдер жазалганына күбө боло алдык.

Негизги эсептелген иштин 3-баптагы Кыргызстандын түштүгүндө таркалган фарсы-тажик тилдеринин негизиндеги географиялык аталыштардын пайда болуу жагдайы, айрыкча, анын түштүк аймагында иран жана тажик тилдеринин базасында түзүлгөн топонимдер көбүнчө Ош жана Баткен областарына тиешелүү болуп саналат. Ошондуктан иран-тажик тилдеринин базасында түзүлгөн бир катар топонимдердин семантикалык маанисин ачып көрсөтө алган. Түштүк Кыргызстандын топонимдеринин курамындагы иран пластындагы географиялык аталыштарды пайда кылуучу согда-ягноб сөздөрү бир нече мисалдар менен түшүндүрүлгөн.

Ар бир аймактын топонимдеринин пайда болуусунда белгилүү бир аппелятив сөздөрү катышат. Аларды үйрөнүү географиялык объектилердин мүнөзү жана топонимдердеги мааниси жөнүндөгү ар кандай маалыматтарды берет. Кыргызстандын түштүгүндөгү иран тилиндеги топонимдерин пайда кылуучу согда-ягноб жана тажик сөздөрүн изилдөөнүн негизги мааниси аппелятив сөздөрдүн маанисинде экендигин көрсөтөт. Аппелятивдердин көпчүлүк бөлүгүн географиялык терминдер түзөрүн белгилеген.

**Кемчиликтер жана сунуштар**

1. Диссертациялык иштин айрым экономикалык социалдык жактарын жана рекреациялык абалдарын да каралса жакшы болмок. Карталардын шаарлардын жана райондордун аталыштарын бир аз өзгөчөлөнтүп көрсөтүңүз.

2. Тема боюнча сүйлөп жатканда өз пириңизди так айтыныз, бул сиздин гана ишиңиз болгондугуна байланыштуу иштин зарыл бөлүктөрүн ачып көрсөтүп айтыңыз, жазылган иште маалыматтар көп берилген, бир аз кыскартууну сунуш кыламын.

**Корутунду.** Изилдөөчү Феруза Муктаровна "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы диссертациялык иши актуалдуу темада, заманбап усулдук деңгээлде, жаңычылдыкты камтыган жана практикалык мааниге ээ жана бүткөрүлгөн илимий квалификациялык иш болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УИАнын география илимдеринин кандидаттык даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына толуктоолорду жана ондоолорду киргизгенден кийин, кийинки этабына сунуштаймын.

**Дисертанттын резентзентке жообу:**

**Урматтуу** Акбаржан Исаев агай, сиздин кенен маалыматыңыз үчүн ракмат. Ишибизге сын жана позитивдүү баа бергениңизге ыраазычылык

айтабыз. Сиздин берген сунуштарынызды ишти аягына чыгарууда биз тараптан эске алынат.

**Жыйындын төрайымы**: Кийинки сөз, рецензент география илимдеринин кандидаты, доцент К.Т. Самиевге берилет.

**Самиев К.Т.** – география илимдеринин кандидаты, доцент – **Урматтуу кесиптештер!** Бул эмгекте Түштүк-Батыш Кыргызстандын азыркы учурда илимий изилдөө ишинде бир нече багыттарынын бири топонимия илиминин өнүгүшү жана аларды изилдөө иштери өсүп, өнүгүп жаткандыгын жана окумуштуулар тарабынан изилденип жатканы баарыбызга белгилүү. Ал эми топонимия жаатындагы изилдөөлөр географиялык изилдөөлөр болуп саналат. Географиялык аталыштар же жер-суу аталыштары географиянын маанилүү компоненти болуп саналат. Географиялык аталыштар адамдар менен географиялык объектинин ортосундагы байланыш болуп, аталыштар жер бетиндеги ордун көрсөтүп, абдан маанилүү илимий маалыматтарды берет. Жер-суу аттары илимий, информациялык мазмундарды чечүүдө, маалыматтык так жөнөтүүдө топонимдердин мааниси абдан чоң экендиги талашсыз. Географиялык аталыштардын негизги милдети – көптүктүн ичинен аталган объектилерди тандоо, жекелештирүү, идентификациялоо.

Топонимдердин жазылышы жана айтылышы туура болгондо гана топонимика өзүнүн маалыматтык милдетин аткара алат. Топонимика илими ошол жердин жашоо чөйрөсү экендигин так аныктаган, өткөн жана азыркы топонимикалык аймактардын аталыштарын сактап калган негизги булактар болуп саналат. Мен бул өтө актуалдуу экендигин баса белгилегим келет, анткени азыркы мезгилге чейин айрым жер-суу аталыштарынын мааниси толук ачылбай келе жатат. Жер-суу аттары келип чыгышы боюнча окумуштуулардын жазган эмгектери да аз деп айта аламын. Топонимикалык маалыматтар бүгүнкү күндөгү географияда, карта түшүрүү маселеринде түйүндүү маселерди жаратат.

Илимий иш кириш сөздөн, адабияттарды карoo бөлүмүнөн жана өздүк жана практикалык сунуштар, корутунду турат. Бул диссертация Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УИА тарабынан талап кылынган бардык бөлүмдөрдү камтыйт жана изилдөө темасынын актуалдуугун негиздейт. Биз рецензент катары төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

*Изилдөөнүн илимий жаңылыгы*. Сунушталган иштин илимий жаңылыгы биринчи жолу Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарына изилдөө иштери жүргүзүлүп, аталыштарды маанисине этимологиялык чечмелөө жүргүзүлгөн жана топонимикалык сөздүк түзүлгөн.

*Изилдөөнүн практикалык мааниси*. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн алынган натыйжалары менен изилденген баалуу материалдарды топонимика илимин өнүктүрүүдө баалуу теориялык жана практикалык мааниге ээ.

*Диссертациянын мазмунуна баа берүү.* Ф.М. Даовлатованын диссертациясы салттуу стилде 172 беттик компьютердик текстте берилген, кириш сөздөн, адабияттык баяндамадан, өздүк изилдөөнүн 4 бөлүмүнөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана адабияттар көрсөткүчүнөн

турат. Иш 8 таблица жана 10 карта менен иллюстрацияланган. Библиографиялык көрсөткүч ата мекендик жана алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн келген авторлорду кошкондо 110 булакты камтыйт. Киришүү изилдөөнүн актуалдуулугун ынандырарлык түрдө негиздейт.

*Адабияттарга сереп салуу.* Жазуучу адабият маалыматтарын изилдөөдө өздүк жана чет элдик топонимисттердин эмгектерине анализ жүргүзө алган. Биринчи бапта автор өнүктүрүүнүн заманбап мүмкүнчүлүктөрүн теориялык жактан негиздеген.

Экинчи бапта изилдөө методдору, тагыраак айтканда, Баткен областынын аймагындагы фарс, өзбек, орус тилдеринде аталып калган аймактарды жеринде көрүү, жергиликтүү калктан интервью, сурамжылоолорду жүргүзүү, элдерди этнографиялык изилдөө жана жер-суу аттарына лингвистикалык талдоолор жүргүзүлгөн.

Кийинки бөлүмдөрдө автор Кыргызстандын түштүк аймагындагы Кыргызстандын аймагындагы калктуу конуштардын бир кыйла бөлүгү уруулардын, элдердин аттары өткөн доордун этнонимдери менен аталарын белгилейт. Бүгүндөгү Кыргызстандын бардык эле аймактарындагы коюлган антротопонимдерди коюуда атайын комиссия негизинде кабыл алуусун сунуштаган. Бул маселе абдан керектүү маселе деп айта аламын.

**Диссертациянын жыйынтыктарын практикага киргизүү.** Изилдөөлөрдүн натыйжаларын Жалпы эле билим берүүдө жер-суу аталыштарынын география, тарых, Мекен таануу предметтерине сунуштоо маселелери да каралган.

**Кемчиликтер жана сунуштар**. Диссертация боюнча кайчы пикирлер жок. Бирок кээ бир жоболор, биздин оюбузча, кошумча оңдоону талап кылат, атап айтканда:

1. Диссертациялык иштин айрым таблицалары маалыматтардын кайталанып калгандай берилген, орфографиялык каталар да бар, карап коюңуз.

2. Тема боюнча сүйлөп жатканда өз пикириңизди тактоо керек, б.а., иштин бардык зарыл бөлүктөрүн ачуу керек. Бул үчүн адабияттарды карап чыгуу, бардык белгилүү методдор жөнүндө маалыматты кыскартууну жана аткарылган конкреттүү иштерди, теманын актуалдуулугун жана ишке ашырууну көрсөтүүнү сунуш кылабыз.

Басма беттердеги басылмалардын толуктугу. Диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмуну изденүүчүнүн 14 илимий эмгегинде толук чагылдырылган, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УИА тарабынан сунушталган коңшу басылмаларда жарыяланган. Диссертациянын негизги жоболору эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндалган жана талкууланган.

**Корутунду**: Изилдөөчү Феруза Муктаровна “Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы” деген темадагы диссертациялык иши актуалдуу темада, заманбап методологиялык деңгээлде, жаңычылдыкты камтыган жана практикалык мааниге ээ, бүткөрүлгөн илимий квалификациялык иш болуп саналат, анда жер-суу

аталыштарынын маселелерин чечүүнү сунуштайт, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКнын талаптарына жооп берет. Толуктоолорду жана оңдоолорду киргизгенден кийин кийинки этабына сунуштаймын.

**Диссертант:** Урматтуу Самиев Калыбек агай, сиздин кенен маалыматыныз үчүн ракмат. Ишибизге сын жана позитивдүү баа бергениңизге ыраазычылык айтабыз. Сиздин берген сунуштарынызды ишти аягына чыгарууда биз тараптан эске алынат.

Жыйындын төрайымы: Урматтуу кесиптештер, эми талкууга өтөбүз. Кимде кандай сунуштар бар?

**Исаев А. – география илимдеринин доктору, профессор .**: Бул тема өтө кызыктуу жана актуалдуу, чоң иш, жер-суу аталыштары географиялык жактан туура изилденген. Мен бул иш менен толук таанышып чыктым. Илимий-практикалык мааниси бар деп эсептейм. Жер-суу аталыштары адабий булактарды талдоонун негизинде такталып, ар тараптуу каралып ГИС дагы түшүрүлгөн, бир аз кемчиликтерди оңдолсо жакшы болот. Мен коргоого сунуш кыламын.

**Самиев К.- география илимдеринин кандидаты, доцент:** Бул тема өтө кызыктуу жана актуалдуу болуп саналат, изилдөө иштери туура жүргүзүлгөн. Изилдөө усулдары жакшы берилген. ГИС изилдөө усулдарын дагы кеңири колдонсо да сонун болот эле. Кыргызстандын түштүк аймагынын топонимикасын социалдык-экономикалык жактан жана рекреациясы да, өсүп-өнүгүүсүнүн негизги көйгөйлөрү – иштин дагы бир жакшы жагы десем болот. Мен да жогорку сунушту колдоп кетем.

**Жакыпова Г.- улук окутуучу:** Бул иштин темасы актуалдуу, Түштүк аймактагы жер-суу аталыштарын географиялык жактан жакшы изилдөө жүргүзүлгөн. Ийгилик каалайм, сунуштарды туура кабыл алыңыз. ГИС программасы менен иштөө – бул чоң ийгилик.

**Абдибайитова А., биология илимдеринин кандидаты, доцент:** Тема өтө актуалдуу жана ал эң негизги маселелердин бири болуп саналат. Мен бул иштин илимге өтө керектүү эмгек экендигин баса белгилегим келет. Изденүүчү көп эмгек аткарды деп да айта аламын. Себеби изилденген жер-суу аталыштарды өз жеринде болуп, ал жердеги жашоочулар менен көп баарлашып кеңешип, маалыматтарды ала алгандыгына күбө болдум. Чыныгы илимий иш деп айта аламын. Диссертантка ийгилик каалайм.

**Кайымова Ф.М., филология илимдеринин кандидаты, доцент**: Сын пикирди туура кабыл алуу керек, презентацияда бир аз грамматикалык каталар бар экендигин белгилейм, ал одоно катага кирбейт – тактап коёсуз.

**Нажимидинова А., педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Илимий иш өтө кызыктуу экен. Сизге чыгармачылык ийгилик каалоо менен жактоого сунуштаймын.

**Омурзакова Г.- биология илимдеринин кандидаты, доцент:** Азыркы мезгилде жактоо боюнча жоболор тез-тез өзгөрүлүп жатат, бирок тиешелүү талаптарга толук жооп берет. Иштин структурасы да жакшы түзүлгөн. Өзүнөр жасаган ишти биз деп айтууга болот. Бул тема Кыргызстан боюнча биринчи иш болуп саналат. Кыргызстандын түштүк аймагында жер-суу аталыштардын

таркалышын алардын келип чыгуу этимологиясы өтө жакшы жана түшүнүктүү каралган. Кафедра башчысы катары айтарым: кафедранын илимий потенциалын күчөтүү керек, ишиңизге ийгилик, ар дайым колдоого даярбыз.

**Жыйындын төрайымы** - изденүүчү Феруза Муктаровнанын эмгеги актуалдуу темада, жетишерлик илимий деңгээлде аткарылган, илимий жаңылыкты камтыйт жана практикалык мааниге ээ. Рецензенттердин сын-пикирлери боюнча оңдоолор киргизилгенден кийин, диссертациялык кеңешке сунуштайбыз. 25.00.24- экономикалык, социалдык жана саясий география адистиги боюнча кандидаттык диссертация Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКнын талаптарына жооп берет.

**Талкуудан кийин добуш берели:**

Добуш берүү: “макул” – 22; "Каршы" – жок; "Калыс болгондор" – жок.

Бир добуштан кабыл алынды. Рахмат.

Мен кандидаттык минумумдун программасыны бекитүүнү сунуш кылам.

**Төрайым**. Сүйлөй турган эч ким жок болсо, жыйындын жыйынтыгын чыгарууга уруксат этиңиз.

Биз бул диссертация боюнча чечим кабыл алышыбыз керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

**Теманын актуалдуулугу.** Жер-суу аталыштарынын калыптануу процесси коомдун өнүгүшү менен тыгыз байланышта келет жана ал аталыштар кандайча берилиши коомдун белгилүү бир этаптагы керектөөсүнө жараша аныкталат. Географиялык аталыштар ар тараптуу жана көп кырдуу маалымат булагы болуу менен бирге адамзат коому үчүн зарыл жана маанилүү коомдук-саясий функцияны аткарат. Ошол себептүү ар кандай топоним адамдын ишмердүүлүгүнүн продуктусу болуу менен ал жердин белгилүү бир чекитинде географиялык объектинин аты катары пайда болгон. Адамдарды байыркы убактардан бери эле географиялык аталыштардын келип чыгышы кызыктырып келет. Мындай кызыгууну адам баласынын таанып-билүүчүлүк иш-аракетинин бир багыты катары кароого болот. Жер-суу аттарынын келип чыгуу себебин билүү бир тармактагы окумуштуулардын иши эмес, а жалпы атуулдар өз жеринин аталыш себебин билүүсү зарыл. Өзү туулуп-өскөн же жашаган жеринин, ага тиешелүү болгон жер-суулардын аталыштарынын маанисин билүү алардын жалпы маданият деңгээлин көрсөтүп турат.

**Диссертациянын максаты** - болуп Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо, өзгөчө тарыхый-маданий топонимикалык аталыштардын маанилүүлүгүн тактоо менен азыркы социалдык-экономикалык жана саясий талаптарга ылайык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

**Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду**:

-Кыргыз Республикасында жана чет мамлекеттерде жер-суу аталыштарын географиялык багытта изилдөөнүн концептуалдык негиздерин

илимий адабияттардын мисалында иликтөө, алардын тажрыйбасын өлкөнүн түштүк аймагынын топонимикалык илимий изилдөө иштеринде жайылтуу;

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын территориялык таркалуусун, ойкономикалык маңызын, аймактык өзгөчөлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо;

-топонимикалык изилдөөнүн негизги багыттарын аныктоо менен географиялык аталыштарды табигый жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү боюнча классификациялоо;

-Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмү боюнча топонимикалык аталыштарга этимологиялык талдоо жүргүзүү жана жер-суу аталыштарынын өзгөрүп кетүү себептерин ачып көргөтүү;

-табигый-географиялык негизи бар аталыштардын (ороним, гидроним, фитоним, зоотопоним ж.б.) социалдык-экономикалык функцияларын талдоо, топонимдер түшүнүгүнүн географиялык мазмунун жана маңызын ачуу;

-аймактын топонимикасынын хронологиялык түзүлүшүн аныктоо, анын тарыхый туруктуулугуна жана өзгөрүүсүнө баа берүү, бул жагынан ички айырмачылыктарды жана аларды аныктоочу экономикалык-географиялык факторлорду изилдөө;

-ГИС-технологияларды колдонуу менен түштүк аймактын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүү;

-Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын административдик-аймактык бирдиктеринде топонимикалык мурастын элементтери болгон аталыштардын тизмесин калыптандыруу жана топонимикалык мурастарды коргоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

-Баткен областынын мисалында географиялык аталыштарды социалдык-экономикалык негизде (антропо- жана этнотопонимдер, кесиптик, идеологиялык ж.б.) пайдалануу, географиялык объектилерге ээлик кылуу жана сактоону камсыз кылуучу топонимикалык маалыматтык системалардын (ТМС) базасын түзүү;

-жер-суу аттарынын тарыхый аталыштарын сактоо, эски аталышын ыйгаруунун же жаңыча атоонун зарылдыгын аныктоо менен коомчулукка жана жаш муундарга жеткирүү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө **илимий жаңылык** катары төмөнкү теориялык жана практикалык натыйжалар алынды:

-аймактын топонимикасы биринчи жолу социалдык- жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденди;

-Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге (совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында) бөлүндү жана аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилди;

-ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлдү;

-Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсүн изилденди жана топонимикалык сөздүк түзүлдү.

**Изилдөө натыйжаларынын ишенимдүүлүгү**. Изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү Кыргыз Республикасынын жана анын административдик-аймактык бирдиктеринин жергиликтүү бийлик органдары тарабынан бекитилген калктуу конуштардын тизмелерине, тарыхый жана архивдик материалдарга, административдик райондордо жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрүнө жана жергиликтүү информаторлор, илимий кызматкерлер менен болгон маектерге негизделген.

Диссертациянын материалдарынын жарыяланышы:

1.Даовлатова Ф.М. Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштары [Текст] /Ф.М.Даовлатова //ОшМУ жарчысы, №5, 2017. -143-146-б.

2.Даовлатова Ф.М. Малые города южного региона Кыргызстана: типология, особенности и возможности развития [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Г.А.Момошева, Ж.Т.Шерматова //Молодой ученый, №12, 2017. -С. 205-207.

3.Даовлатова Ф.М. Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы: Окуу-усулдук колдонмо. Ош, 2017. -48 б.

4.Даовлатова Ф.М. Түштүк-Батыш Кыргызстандын жер-суу аталыштарынын этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Известия ВУЗов Кыргызстана, №5, 2018. -32-36-б.

5.Даовлатова Ф.М. Баткен аймагындагы жер-суу аталыштарынын этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Б.Ж.Жамшутова, Н.К.Ташматова //Известия вузов Кыргызстана, №11, 2019. -33-36-б.

6.Даовлатова Ф.М. Түштүк-батыш Кыргызстандын гидронимдеринин аталышы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №5, 2021. -26-31-б.

7.Даовлатова Ф.М Топонимдердин этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //ОшМУ жарчысы, 2022. -158-162-б.

8.Даовлатова Ф.М. Топонимдердин этимологиялык классификациясы [Текст] / Ф.М.Даовлатова //Арабаев ат. КМУ жарчысы, №4, 2022. -38-43-б.

9.Даовлатова Ф.М. «Кыргызстандын географиясы» предмети боюнча практикалык иштерди аткаруу үчүн окуу-усулдук колдонмо. Ош, 2022. -76 б.

10.Даовлатова Ф.М. Антропотопонимдер жер-суу аталыштарында [Текст] /А.Т.Арыстанова, Ф.М.Даовлатова //Известия вузов Кыргызстана, №4, 2023. -49-53-б.

11.Даовлатова Ф.М. Билим берүүдө жергиликтүү топонимдерди колдонуу [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Арабаев ат. КМУ жарчысы. №2, 2023. -61-65-б.

12.Даовлатова Ф.М. Реки Кыргызстана и их гидрологическая характеристика по топонимическим данным [Текст] /Т.Эшанкулов, Ф.М.Даовлатова, С.Т.Сарыбаева //Новая наука. Наука XXl века: становление, развитие, прогнозы, 2024. -С.326-334.

13.Даовлатова Ф.М. Географиялык аталыштардын укуктук тартиби [Текст] /Ф.М.Даовлатова //БатМУ жарчысы, №2, 2023. -228-331-б.

14.Даовлатова Ф.М. Баткен аймагындагы өсүмдүктөрдүн аттарынан аталган жер-суу аталыштары [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Ш.Б.Шеров, Б.У.Канназарова //Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана, №8, 2024. -59-62-б.

15.Даовлатова Ф.М. География предметин табигый илимдер менен интеграциялап окутуу [Текст] / Ф.М.Даовлатова, А.Абдибаитова // Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана, №8, 2024. -55-58-б.

16.Даовлатова Ф.М. Анализ современной топонимии южного региона Кыргызстана с использованием геоинформационных систем и он-лайн ресурсов (на примере Баткенской области) [Текст] /А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Ф.М.Даовлатова, У.М.Камчиев //Матер. межд. научно-практ. конф. «Инновационные идеи в современной географии: цифровая экономика и ГИС-технологии». -Карши: КарГУ, 2024. Часть 2. -С. 4-8.

17.Даовлатова Ф.М. Термины, связанные с компонентами природы и их трактовка в «Бобурнаме». [Текст] /Е.Махканов, Ж.Еминов, Ф.М.Даовлатова //Матер. межд. научно-практ. конф. «Захриддин Мухаммад Бабур и мировая география: эпохи открытий и направления развития». -Фергана, ФерГУ, 2024. -С. 16-18.

18.Даовлатова Ф.М. Топонимика часть экономической, социальной и политической географиии и её значениев современной жизни [Текст] / А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Ф.М.Даовлатова //Вестник Кыргызстана, №2(1), 2024. -243-248-б.

**Жыйындын төрайымы**: Экинчи суроо боюнча: табигый-илимий билим берүү кафедрасынын улук окутуучусу Даовлатова Феруза Муктаровнанын “Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы” деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн кандидаттык минумумдун программасын карап чыгуу жана бекитүү.

**Жыйындын төрайымы**: Биздин бүгүнкү кафедранын жыйыны Даовлатова Феруза Муктаровнанын кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо менен өтүү жаңыдан кирген талап болуп жатат. Аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы боюнча сөздү – география илимдеринин кандидаты, К.Самиевге берилет.

**Угулду: Самиев К.** - география илимдеринин кандидаты, доцент.

Суроо: экономикалык, социалдык, саясий жана рекреация менен байланышы боюнча суроолор программага киргизилгенби?

Жооп: Ооба, камтылган.

**Белеков Ж.**- география илимдеринин кандидаты, доцент.

Суроо: Программада саясий жана рекреациялык суроолор боюнча маселелер камтылганбы?

Жооп: Ооба, камтылган.

**Экинчи маселе боюнча талкуу.**

Самиев К.- география илимдеринин кандидаты, доцент.

Диссертациялык иши боюнча кандидаттык минумумду тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы – Экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география боюнча бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук ылайык келет.

**Жыйындын төрайымы**: Урматтуу кесиптештер, кошумча программа боюнча дагы кимде кандай суроолор бар? Менимче диссертант жогоруда берилген суроолорго канаттандыраарлык жооп берди деп ойлойм. Башка суроонуздар жок болсо, Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча аткарган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берууну сунуштаймын, сураныч добуш бериңиздер?

Добуш берүү: "Макул" – 22; "Каршы" - жок; "Калыс болгондор" - жок.

Бир добуштан кабыл алынды. Рахмат.

Баткен мамлекеттик университетинин М.М.Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун "Табигый-илимий билим берүү" кафедрасыны улук окутуучусу Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталышынын таркалышы жана келип чыгышы" аттуу диссертацилык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй

## ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:

1. Даовлатова Феруза Муктаровнанын диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин. Изденүүчү "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши, изилденген тема өтө актуалдуу, коюлган максаты, милдеттери практикалык мааниге ээ, заманбап методологиялык деңгээлде жазылган, жаңылыкты камтыган. 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу жазган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКнын талаптарына толук жооп берет деп табылсын.
2. Даовлатова Феруза Муктаровна "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы" темасындагы кандидаттык диссертациялык иштин шифр: 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык адистиги боюнча талаптарга жооп берет. А. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик

университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин алдындагы география илимдеринин кандидаттык даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунушталсын.

3. Даовлатова Феруза Муктаровнанын “Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы” деген темасы боюнча кандидаттык минимумду 25.00.24-экономикалык, социалдык , саясий жана рекреация багыты боюнча кандидаттык минимумдун программасы бекитилсин.

**Кеңешменин төрайымы,**
**Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун окуу жана илимий иштери боюнча директордун орун басары б.и.к., доцент:** **Абдибаийтова А.А.**

**Кеңешменин катчысы б.и.к., проф. м.а:** **Омурзакова Г.Т.**

тастыктаймын Исманова Г.